DOI:10.26104/IVK.2019.45

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2019

*Садыралиев Ж.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН АДАМДЫК КАПИТАЛДЫН КАЛЫПТАНЫШЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

*Садыралиев Ж.*

# ВЛИЯНИЕ ОБРАЗОВАНИЯ НА ФОРМИРОВАНИЕ ЧЕЛОВЕЧЕСКОГО КАПИТАЛА В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

*Zh. Sadyraliev*

# THE IMPACT OF EDUCATION ON FORMATION OF HUMAN CAPITAL IN THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 331.5/377 (575.2)*

*Макалада билим берүүнүн адамдык капиталдын калыптанышына тийгизген таасири өтө маанилүү экендиги жөнүндө айтылат. Статьяда билим берүү социалдык-экономикалык прогресстин өнүктүрүүчү фактору катары чыга тургандыгы, ошону менен катар мамлекеттик саясаттын приоритеттүү тармактарына (аспект) кире тургандыгына басым жасалат. Адам коомдогу процесстердин, жалпы эле өнүгүүнүн субьекти, коомдук өндүрүштүн өндүргүч күчү катары чыгат. Демек, ал өзүнүн сапаты жагынан өзү жашап, эмгектенип жаткан мамлекеттин учурдагы социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлине шайкеш келиши керек. Ал шайкештик билимдүүлүк аркылуу камсыз болот дейт, автор. Кыргызстанда билимдүүлүккө кандай маани берилет, илим, билимдүүлүккө жумшалган инвестиция жөнүндө анын обьективдүү, субъективдүү жактарына анализ кылынат. Акырында автор илим, билимдүүлүктү натыйжалуулугун көтөрүү, жакшыртуунун жолдоруна токтолот жана ал кандай кылып адамдык капиталдын өнүгүшүнө алып келерин изилдейт. Өнүккөн глобалдуу экономикада Кыргызстандын адамдык капиталы канткенде атаандашууга жөндөмдүү болорун көрсөтүүгө аракет жасалат.*

***Негизги сөздөр:*** *адамдык капитал, билим берүү, илим, инвестиция, жашоонун сапаты, экономикалык өсүү, информациялык экономика, жогорку билим.*

*В статье говорится, что влияние образования на формирование человеческого капитала очень важно. В статье делается акцент на том, что образование выступает в качестве развивающего фактора социально-экономического прогресса, тем самым входит в приоритетные отрасли (аспекты) государственной политики. Человек выступает как субъект общественных процессов, развития в целом, производительная сила общественного производства. Следовательно, он должен по своим качествам соответствовать нынешнему уровню социально-экономического развития государства, в котором он живет и трудится. Он говорит, что соответствие может быть обеспечено через образование. О том, какое значение придается образованию в Кыргызстане, о науке, об инвестициях в образование анализируются ее объективные, субъективные стороны. В заключение автор останавливается на путях совершенствования науки, повышения эффективности образования и исследует, как это может привести к развитию человеческого капитала. Будет предпринята попытка показать, насколько человеческий капитал Кыргызстана может быть конкурентоспособным в развитой глобальной экономике.*

***Ключевые слова:*** *человеческий капитал, образование, наука, инвестиции, качество жизни, экономический рост, информационная экономика, высшее образование.*

*The article emphasizes the importance of the impact education on the formation of human capital. The article emphasizes that education is a factor in the development of social-economic progress, as well as one of the priority directions (aspects) of state policy. Person acts as a subject of processes in society, as a whole as a productive force of social production. Therefore, in terms of its quality, it must correspond to the current level of social-economic development of the country in which person lives and works. He says consistency can achieve through education. What is the importance of education in Kyrgyzstan, analysis of its objective and subjective aspects of investing in science and education? Finally, the author discusses ways to improve the efficiency of science and education and examines how this leads to the development of human capital. Attempts made to show how the human capital of Kyrgyzstan can compete in a developed world economy.*

***Key words:*** *human capital, education, science, investment, quality of life, economic growth, information economics, higher education.*

Экономикалык мамилелердин курамындагы жылыштардын өнүгүүсү менен катар, бара-бара буюм

DOI:10.26104/IVK.2019.45



чыгарбаган өндүрүштүн ролунун өсүшү менен, адамдык капитал да системалык эволюцияга туш болууда. Туруктуу экономикалык өнүгүүнүн базиси болуп интеллектуалдык ресурстардын топтолушу, илим – билим кызмат кыла баштады. Ошол эле учурда туруктуу экономикалык өнүгүү да керек болуп жатат, анткени адамдык капиталдын иштеп - жашашы үчүн оптималдуу шарттарды түзүү талап кылынат.

XX кылымдагы дүйнөдөгү эң жакшы дегендин бири болгон жогорку билим берүү системасынан (СССР) пайдалангандыгыбыздан болсо керек, өлкөбүздө төмөн эмес адамдык жана интеллектуалдык ресурс топтолгон. Бирок өткөн кылымдын 90-жылдарынан баштап адамдык жана интеллектуалдык ресурстарды кайра өндүрүү басандап кетти, ал эми Кыргызстан сырье берүүчү жана кол күчүн иштеткен жөнөкөй, натуралай экономикалык өнүгүүгө ээ болуп баратат. Ушуга байланыштуу адамдык капиталдын өнүгүүсүнүн жана өзгөрүлүү багыттарынын мааниманызын, элементтерин, заманбап теоретикалык жана методологиялык жолдор менен изилдөө өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда.

Билим берүү өз алдынча система болуп саналат анткени, салыштырмалуу өз алдынчалыгы бар, коомдун иштеп жашашына жана өнүгүшүнө активдүү таасир көрсөтө алат [1]. Социалдык сферанын бир тармагы катары билим берүү – бул, билим берүү мекемелеринде болуучу процесс жана жыйынтык, адамзаттын иштеп жашашынын ажырагыс жана негизги чөйрөсү болуп келген жана боло бере турган, Конституцияда каралган гарантияланган жашоо шартка ээ болдура турган мамлекеттик саясат деп айтууга болот.

Билим берүү социалдык-экономикалык прогресстин фактору катары мамлекеттик саясаттын приоритеттүү тармактарына кирет. Билимдүүлүктүн деңгээлинен эмгек ресурстарынын сапаты түздөн түз көз каранды болсо, өз убагында эмгек ресурстарынан экономиканын, өнөр жай, өндүрүштүн абалы көз каранды болот. Билим коомдун социалдык-кесипчилик тармагын кайра өндүрүүнүн фактору катары кызмат кылат. Билим берүү системасы жаранды калыптандырат, ошону менен кошо коомдук турмуштун саясий чөйрөсүнө да таасирин тийгизет. Билим берүүнүн маданий-тарбиялык функциясы, коомдун духовный (акыл-ой) турмушуна да өз таасирин тийгизет. Кандай кесипчилик жактан даярдоо болбосун жалпы маданиятты калыптандырууга салымын кошот, ошол эле мезгилде жеке адамдын жана социалдык группанын социалдык жактан калыптанышына шарт түзөт, коомдогу маданий жетишкендиктерди сактоо менен муундан муунга өткөрүп берет.




**2-сүрөт.** Адамдык капиталдын курамдык бөлүктөрү менен инвестициянын байланышы.

DOI:10.26104/IVK.2019.45



Адамдык капиталдын өнүгүүсүндөгү, анын кайра өндүрүлүшүндө азыркы экономикалык теорияда негизинен жалпыланган бир көз караш калыптанып, аныкталып калган: өндүрүү процессинде адамдык капиталдын кыймылы түздөн-түз эмгек процесси жүрүп жаткан жерден сыртта ишке ашырылат жана жумушчу күчүн кайра жаратуу (кайра өндүрүү) формасына ээ болот; ар бир кызматкердин, жумушчунун, илимий билимдеринин топтому, адистиги, чеберчилиги, интеллекти, иш тажрыйбасы адамдык капитал деп кабыл алынат, ал эми аны өндүрүш процессине бир жолу кошуу, пайдалануу менен аны айланма капитал деп мүнөздөөгө жана кабыл алууга болот [2]. Адамдык капиталдын курамын жана ага салынган инвестицянын түрлөрүн төмөндөгү сүрөттөй (2-сүрөт)элестетсе болот.

Илимий изилдөөлөргө жана иштеп чыгууларга чыгашалар илимди жана технологияны өнүктүрүүгө каралган ресурстардын эсебинен түзүлөт. Көп өнүккөн өлкөлөрдө илимий техникалык изилдөө жана тажрыйбалык конструктордук иштерге (ИТИТКИ) болгон чыгымдар жыл санап өсүп олтурат же белгилүү бир денгээлге жеткенде өзгөрүүсүз кармалып турат. Алардын ички дүң продукцияда болгон үлүшү АКШда, Германияда, Англияда, Японияда, Францияда, Израилде 1,8-3,4%га, Бириккен Европада -2,2%га жакын, Россияда -1,1% түзөт.1980-жылдардын ортосунда СССРда жалпы илимге кеткен чыгым ИДПнын 4-5%нан ашык болуп, ошол мезгилдеги дүйнөдөгү эң жогорку көрсөткүчтөрдүн катарына кирген. Абсалюттук санда атай турган болсок дүйнө боюнча ИТИТКИге бир жылда орточо 1,2 трлн. америка доллары сарпталат жана орточо ар жылы 3,6%га жакын өсөт. Көлөмү боюнча АКШ 385,6 млрд., - биринчи орунда, Кытай 153,7млрд., - экинчи орунда, Япония 144,1млрд. - үчүнчү орунда, ал эми Россия 23,1млрд., доллар - он биринчи орунда турушат.

Кыргыз Республикасынын акыркы жылдардагы бюджетинде илимий техникалык изилдөө жана тажрыйбалык конструктордук иштерге (ИТИТКИ) өзүнчө эч нерсе каралган эмес.Адамдык капиталдын калыптанышына илимий техникалык изилдөө жана тажрыйбалык конструктордук иштерге (ИТИТКИ) каралган чыгымдар аркылуу канчалык салым кошулат, Кыргызстанда так эсептеп чыгуу да жүргүзүлбөйт. Бирок ЮНЕСКО тарабынан бүткүл дүйнөлүк өлкөлөрдүн ИТИТКИ боюнча рейтингин эсептегенде Кыргызстан ИДПнын 0,16% зын же болбосом 2016-жылдын бюджетинен 234,8 млн. сом илимий техникалык изилдөө жана тажрыйбалык конструктордук иштерге чыгымдалган же дүйнөлүк аренада 74-орунда турат. Ушулардын баарын жыйынтыктап айтканда, экономиканын структурасындагы өзгөрүүлөрдүн негизги фактору болуп адамдык капитал анын илимий жана практикалык билими, ой жүгүртүүсү эсептелинет.Бул кубулушту эки жактуу кароо керек.

Биринч кезекте илимий билимдердин биргелешкен топтомун адамдык потенциалдын жана адамдык капиталдын системасын түзгөн элемент, анын алгачкы башталышы катары түшүнүшүбүз керек. Экинчи кезекте анын бүтүндүгүн, биримдүүлүгүн, система катары интеграгралдашкан бир бүтүн жалпылагыч көрсөткүч катары чыгып жатканын түшүнүбүз керек болот (1-сүрөт).

**Интеллект**

↓

**Маалыматтар, билим**

↓

**Кызматкерлердин өзүнө сиңдирип, тарбиялап алган адистиги (квалификациясы), билгичтиги, чеберчилиги, машыккандыгы иш-тажырыйбасы, эрежеге көнгөндүк ж.б.**

↓

**Адамдык капитал**

**1-сүрөт.** Билим адамдык капиталды кайра өндүрүүнүн системасын түзүүчү элемент.

Ал эми билим берүү индекси - жалпылоочу көрсөткүч болгон адамдык потенциалдын өнүгүү индексинин курамдык бир бөлүгү болуп саналат. Билим берүү индекси өлкөнүн чоң жаштагы калкынын сабаттуулугун жогорулатуудагы жана башталгыч, орто жана жогорку окуу жайларына киргендердин жалпы көрсөткүчүнүн салыштырмалуу жетишкендиктерин эсептөөчү көрсөткүч болуп саналат. Анын жалпы үлүшүнүн үчтөн экисине чоң калктын сабаттуулугунун индекси туура келсе, үчтөн бирине жалпы окуу

DOI:10.26104/IVK.2019.45



жайларга киргендердин индекси туура келет. Билимдүүлүктүн денгээлин өлчөгөн жогорудагы эки көрсөткүч кошулуп жыйынтыктоочу индекс чыгарылат жана ал 0дөн (минималдуу) баштап 1ге (максималдуу) чейинки маанисинде эсептелинет [3].

Өлкөлөр калкынын жогорку билим менен камсыз болгонунун деңгээлине карап, шарттуу түрдө 3 группага бөлүнүшөт: 1-группада чоң жаштагы калктын 15%дан ашыгы жогорку билимге ээ; 2-группадагы өлкөлөр 10%-14%чейин; 3-группада-10%дан аз; Атайын тиркемеде көрүнгөндөй чоң адамдардын арасында жогорку билимдүүлөрдүн көптүгү боюнча алдыңкы орундарда АКШ, Норвегия жана Израиль турат бул өлкөлөрдө, 25-64 жашка чейинки чоң калктын арасында 30% калк толук жогорку билимдүүлөр болуп эсептелинет. Кыргызстанда бул көрсөткүч 25-64 жашка чейинки чоңдордун ичинде деп чыгарылбастан 15 жаш жана андан жогору жаштагы калктын ичинде жогорку билимдүүлөр деп чыгарылат жана калкты каттоонун жыйынтыгы менен 10 жылда бир чыгарылат. 2009-жылкы эл каттоонун жыйынтыгы менен Кыргызстандын калкынын билимдүүлүк денгээли жогору, эгерде 1999-жылдын жыйынтыгы менен сабаттуулук 98,7%ды түзсө 2009-жылы ал 99,2%ды түзгөн бул таблица акыркы эл каттонун материалдарынын негизинде түзүлдү (1-табл.)

*Таблица 1*

**15 жаш жана андан жогору жаштагы калктын билимдүүлүк денгээли (калктын жалпы санына, % менен)**

| Жалпы калк 15 жаш андан жогору жаштагы | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Билими барлар | | | | | | | | |
| Жылдар | Жогорку кесипчилик | Бүтпөгөн жогорку кесипчилик | Орто кесипчилик | Жалпы орто | Негизги жалпы (толук эмес орто) | Жалпы башталгыч | Башталгыч билими | Анын ичинен сабатсыздар |
| Жалпы калк | | | | | | | | |
| 1999 | 10,5 | 1,5 | 10,8 | 50,0 | 18,3 | 6,3 | 2,6 | 1,3 |
| 2009 | 12,4 | 3,6 | 7,1 | 58,0 | 11,9 | 5,4 | 1,7 | 0,8 |
| Шаардык калк | | | | | | | | |
| 1999 | 16,6 | 2,7 | 13,7 | 45,8 | 15,4 | 4,4 | 1,3 | 0,6 |
| 2009 | 19,9 | 6,1 | 9,1 | 49,7 | 10,1 | 4,2 | 1,0 | 0,3 |
| Айылдык калк | | | | | | | | |
| 1999 | 6,6 | 0,8 | 8,9 | 52,6 | 20,1 | 7,5 | 3,4 | 1,7 |
| 2009 | 8,1 | 2,1 | 5,9 | 62,7 | 12,9 | 6,2 | 2,1 | 1,0 |

***Булагы:*** *УСК 2009-ж эл санактын материалы.*

Кыргызстанда 15 жаш жана андан жогорку калктын ичинен 12% жогорку билимге ээ болгон, эгер бул үлүштү 25-65 жаштагылардын арасында чыгарганда бул көрсөткүч мындан да жогору болмок, биздин мамлекетти ушул көрсөткүч боюнча жогоруда айтылган биринчи группага киргизсе туура келер эле. Башкача айтканда жогорку окуу жайын бүткөндөрдүн орточо жашы 25 ке барабар болсо, КРсынын “Мамлекеттик жарандык жана муниципалитеттик кызматы жөнүндөгү” мыйзамга ылайык 65 жаштан кызматтан кетсе бизде 25-65 жашка чейинкилердин арасында жогорку билимдүүлөрдү аныктоону киргизүүнү сунуш кылабыз.

Бирок Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн денгээли эл аралык стандартка туура келбегендиктенби, айтор саны бар сапаты жок болуп ал группаларга кирген эмес. Өзүбүздүн көрсөткүчтөр боюнча 10 жылда жогорку билимдүүлөр 10,5% дан 12,4%га өскөн. 2009-жылкы эл каттоо жогорку билим алуу боюнча аялдар 17,2%ды түзсө, эркектердин үлүшү 14,7%ды түзүп жогорку билимдүү аялдардын саны басымдуу экендигин көрсөттү.

Чоң калктын ичинде (15жаш андан жогору) сабатсыздардын саны 28,4 миң адамды түздү же 0,8%га барабар ал эми 1999-жылкы эл каттоодо бул көрсөткүч 1,3%ды түзгөн эле. 0,8%дын 0,3% шаардык, 0,9% айылдык калктын үлүшүнө барабар. Са-батсыздардын ичинде аялдардын үлушү эркектерге караганда 2

DOI:10.26104/IVK.2019.45



эсе жогору. Сабатсыздардын 70% 55 жаштан жогор-кулар, ал эми 1999-жылкы эл каттоодо алардын үлү-шү 82%ды түзгөн.

Калкында жогорку билимдүүлөрдүн деңгээли жогору болгон өлкөлөр (МСКО 5А) чындыгында жо-горку билимдүүлүк индексине ээ болушат. 1-группа-нын өлкөлөрүндө билимдүүлүктүн индекси 0,94-0,99га чейин болушат, орточо группада 0,97%ды түзөт. Булар негизинен бай өлкөлөр,алардын ичинен 10 өлкөдө бир жанга ИДП 30000 америка долларынан жогору туура келет [4].

Алдыңкы өлкөлөрдү андан ары тандап алуу үчүн жогорку билим берүүнүн масштабын жана өнүгүү ди-намикасын эске алуу менен кошумча шарттар катары төмөндөгүлөр кабыл алынды: жогорку окуу жайла-рындагы студенттердин саны - 0,5 млндон кем бол-бош керек; жогорку окуу жайларындагы студенттер-дин саны өлкөнүн калкынын 2%нан кем болбош ке-рек; Салыштырмалуу анализ көрсөткөндөй, жогоруда аты аталган талаптарга толугу менен болгону 12 өлкө гана жооп бере алат экен.

Кыргызстанда жогорку окуу жайында окуган студенттердин саны өлкөнүн калкынын 3,4%на чейин барабар болуп, көп өлкөлөрдөн жогору турат, бирок абсалюттук саны 0,5 млн.го жетпейт, 2019-2020-жыл-кы окуу жылында 183,8 миң студент жогорку кесип-чилик окуу жайында окушкан,бул цифра 2010-жылга салыштырмалуу 46,9 миң студентке азайган же жо-горку билимге суроо-талаптын жоктугунан окугандар азая баштады. Натыйжада 10000 калкка туура келген студенттердин саны, жалпы калктын санына туура келген үлушү да азайган. Демек Кыргызстанда жогор-ку билимге болгон умтулуу улам кыскарып бара жатат (2-табл.).

*Таблица 2*

**Жогорку кесиптик билим берүүнүн абалы 2010-2020-жж.**

| | 2010 | 2012 | 2013 | 2014 | 2019 |
|---|---|---|---|---|---|
| Билим берүүчү уюм саны - бардыгы | 56 | 54 | 54 | 55 | 55 |
| Анын ичинде: | | | | | |
| Мамлекеттик (даана) | 33 | 33 | 33 | 34 | 38 |
| Менчик (даана) | 23 | 21 | 21 | 21 | 18 |
| Студенттердин саны - бардыгы, мин адам | 230,4 | 239,2 | 231,6 | 223,2 | 183,5 |
| Калктын 10000 не туура келген студенттердин саны | 441 | 452 | 428 | 404 | 293 |
| Жалпы калктын санына, % менен | 4,2 | 4,3 | 4,0 | 3,8 | 3,3 |
| Жалпы студенттердин ичинен - кыздар, миң адам | 123,8 | 129,2 | 126,2 | 121, | 95,7 |
| Жалпы сандын ичинен, % эркектер | 53,7 | 54 | 54,5 | 54,3 | 52,0 |

***Булагы:** УСК: «Кыргызстан в цифрах», 2010-2020-жж.*

Жогорку билим берүү системасынын (МСКО5А / 6) масштабдуулугун мүнөздөөчү көрсөткүчтөрдүн бири болгон студенттердин абсалюттук саны боюнча лидер мамлекеттердин ичинде биринчи орунда АКШ мамлекети эсептелет, же 13,2 млн.адам студенти бар. Андан кийин Россия (6,9 млн студент), үчүнчү орунда Япония (3 млн. студент) турат. Ошол эле мезгилде Индияда 11,8 млн., Кытайда 10,5 млн. студент бар деп эсептелип жүрөт бирок, алар лидер өлкөлөргө кире албайт.

Негизинен Кыргызстандагы үч баскычтуу билим берүүдө бир топ диспропорциялар бар экендигине карабастан, билим берүүнүн айрым көрсөткүчтөрү Кыргызстанда билим берүү боюнча ортодон жогорку абал бар экендигинен кабар берип турат.

Акыркы 5 жылда республиканын мамлекеттик бюджетинен билим берүүгө жумшалып жаткан чы-гым бир топ жогору болгон же, республикалык бюд-жеттин орточо 35-39%га жакыны жумшалган, же бул цифра 2019-жылы 39,2%ды түзгөн. 2010-жылга са-лыштырмалуу билим берүүгө кеткен чыгым 20,0%га чейин өскөн. 2019-жылы бул чыгашанын көлөмү өс-көн менен ИДПдагы үлүшү 2013-жылга салыштыр-малуу үлүшү 0,4%га төмөндөгөн (3-табл.).

DOI:10.26104/IVK.2019.45



*Таблица 3*

**Мамлекеттин бюджетинен билим берүүгө кеткен чыгымы**

| | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2019 |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| Билим берүүгө чыгымдар[1], млн. сом | 12 822,9 | 19 420,4 | 22 925,9 | 24 089,7 | 35897,7 |
| ИДПга, % менен | 5,8 | 6,8 | 7,4 | 6,8 | 6,2 |
| Жалпы чыгымга, % менен | 18,6 | 21,2 | 21,4 | 23,1 | 39,2 |

[1] Бүткүл дүйнөлүк валюттук фонддун 2001-жылдагы мамлекеттик финансынын статистикасы боюнча көрсөтмөсүн жетекчиликке алып финансалык эмес активдин чыгымдары кошуп эсептелди. Булагы: УСК, жылнаама "Кыргызстан цифраларда" 2010-2019-жж.

Билим берүүгө бөлүнгөн каражаттын 55% дан жогорусу жалпы билим берүүгө багытталат. Билимдүү инсанды калыптандыруунун негизги шарты болуп, окутуу системасын өнүктүрүү эсептелинет. Информациялык экономиканын доорунда адамдык интеллектуалдык ресурстарынын башкалардан алдыга озгон билимдүү болуу идеясы аренага чыгат, анткени кайра өндүрүүнүн субъекттеринин билим денгээли, кайра өндүрүүнүн өзүнүн өнүгүүсүнүн денгээлинен бийик, алдыга озгон болушу керек. Демек кайра өндүрүүнүн деңгээли анын катышуучуларынын билим деңгээлин артынан кууп жетүүгө аракетте болушу керек. Бул идеяны турмушка ашыруу төмөндөгүлөр менен байланышкан: кайра өндүрүүнүн керектөөлөрүнүн денгээлин, андан дайыма алдыда жүргөн, билим берүүнүн денгээли менен камсыз кылуу; адамдын өз алдынча билимин өркүндөтүүгө социалдык-экономикалык жактан шарт түзүү; сапатуу эмес (репродуктивдүү) билим берүүдөн, сапатуу билим (продуктивдүү) берүүгө өтүү;

Ушулардын баары адамдык капиталдын эл чарбасынын түрдүү денгээлиндеги атаандашууга жөндөмдүүлүгүн калыптандырат жана турмушка ашырууга шарт түзөт.

Бул жерден өтө баалуу методологиялык жыйынтык чыгарууга болот: өлкөнүн адамдык капиталы ээ болгон атаандашууга жөндөмдүүлүк касиеттердин бардыгынын ичинен, биз ошол адамдык капиталды өнүктүрө ала турган натыйжалуу стратегиясы бар жана аны турмушка ашыруунун өз алдынча функционалдык звенолоруна ээ болгон атаандашууга жөндөмдүүлүктү негизги деп эсептейбиз.

**Адабияттар:**


1. Критский М.М. Человеческий капитал - Л.: Изд. Ленгоста, 1991. - С. 9.
2. Шевцов П.А. Методология статистического исследования влияния уровня и качества жизни наеления на формирование человеческого капитала, диссертация - М., 2012. - 300 с.
3. Комаров А.В. Роль образования в формировании человеческого капитала в современной России. // Гуманитарные науки, Вестник финансового университета, №5. - 2017. - 88 с.
4. Новиков В.А., Маслов Д.Н. Роль образования в повышении качества жизни. // Экономика образования, №4 2012. - 131 с.
5. Друкер П.Ф. Задачи менеджмента в XXI веке. - М.: Изд. дом "Вильямс", 2004.
6. Добрынин А.И., Дятлов С.А., Цыренова Е.Д., Человеческий капитал в транзитивной экономике: формирование, оценка, эффективность использования.- СПб., 1999.
7. Россия и страны мира. 2010.: стат. сб./ Росстат. - М., 2019. УСК: «Кыргызстан в цифрах», 2010-2020-жж.